КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ФИНАНСЫЛЫК ЧАЛГЫНДОО МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ СЛУЖБА ФИНАНСОВОЙ РАЗВЕДКИ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

20 июня 2025 № 78/о/п

гор. Бишкек шаары

## Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тизмегин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы № 606 “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу” токтому менен бекитилген Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөргө карата чараларды (санкцияларды) колдонуу тартиби жөнүндө жобонун 4-9-пункттарына ылайык **буйрук кылам**:

1. Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тиркелген тизмеги бекитилсин.
2. Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөргө карата чаралар (санкциялар) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы № 606 “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу” токтому менен бекитилген чараларды колдонуу тартиби жөнүндө жобого ылайык жаңылансын.
3. Кыргыз Республкасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын расмий сайтына төмөнкүлөр жайгаштырылсын:

   1) жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн жаңыланган тизмеги, PDF жана EXCEL электрондук форматтарында («Тизмектер» бөлүмүнүн «Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тизмеги» бөлүмчөсүнө);

   2) ушул буйрук, PDF электрондук форматында.
4. ФЧМКнын 07.03.2022-жылдын №18-ө/п «Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тизмегин бекитүү жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп таанылсын:

*Негиздеме: 1) ФАТФтын тизмеси (финансылык чараларды иштеп чыгуучу эл аралык топ); 2) ФАТФ тибиндеги региондук топтордун тизмеси; 3) Базель башкаруу институтунун тизмеси (жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн эң жогорку 10у); 4) Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму тарабынан түзүлгөн оффшордук зоналардын тизмеси; 5) БУУнун Коопсуздук Кеңешинин чечимдеринин негизинде санкциялар колдонулган өлкөлөрдүн тизмеси; 6) террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) тобокелдиктерин улуттук баалоонун жыйынтыгы боюнча финансылык чалгындоо органы тарабынан түзүлгөн өлкөлөрдүн тизмеси.*

## Об утверждении Перечня высокорискованных стран

В соответствии с пунктами 4-9 Положения о порядке применения мер (санкций) и отношений высокорискованных стран, утвержденного постановлением Правительства Кыргызской Республики «О мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О

противодействии финансированию террористической деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов» от 25 декабря 2018 года № 606, **приказываю:**

1. Утвердить прилагаемый Перечень высокорискованных стран.
2. Утвердить меры (санкции) в отношении высокорискованных стран в соответствии с Положением о порядке применения мер (санкций) в отношении высокорискованных стран, утвержденным Постановлением Правительства Кыргызской Республики О мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О противодействии финансированию террористической деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов» от 25 декабря 2018 года № 606.
3. Разместить на официальном сайте Государственной службы финансовой разведки при Министерстве финансов Кыргызской Республики:
   1) обновленный перечень высокорискованных стран, в электронных форматах: PDF и EXCEL (в подразделе «Перечень высокорискованных стран» раздела «Перечни»);
   2) настоящий приказ, в электронном формате PDF.
4. Признать утратившим силу приказ ГСФР от 07.03.2022 года №18-ө/п «Об утверждении Перечня высокорискованных стран».

*Основание: 1) список ФАТФ (международная группа разработки финансовых мер); 2) список Региональных групп по типу ФАТФ; 3) список Базельского института управления (Топ-10 высокорискованных стран); 4) список оффшорных зон, формируемый Организацией экономического сотрудничества и развития; 5) список стран, в отношении которых применяются санкции на основе решений Совета Безопасности ООН; 6) список стран, формируемый органом финансовой разведки по результатам национальной оценки рисков финансирования террористической деятельности и легализации (отмывания) преступных доходов.*

**Төрага/Председатель** **К.К. Асангулов**